**Автомобильдик жарым прицептерди – платформаларды, автоцистерна түрүндөгү жарым прицептерди жана ар кандай максаттагы жарым прицептерди үзгүлтүксүз техникалык диагностикадан өткөрүү үчүн**

# ТЕХНИКАЛЫК ТАПШЫРМА

| № | Иштерге жана кызматтарга коюлган талаптардын параметрлери | Иштерге жана кызмат көрсөтүүлөргө карата өзгөчө талаптар |
|---|---|---|
| 1 | Иштердин аталышы | Таяныч плитанын жана кармагыч манжаны бекитүүчү плитанын ширетилген тигиштерин рентгенография ыкмасы менен дефектоскопия аркылуу текшерүү жолу менен жарым прицептерди мезгил-мезгили менен техникалык диагностикалоону жүргүзүү |
| 2 | Кызматтар көрсөтүлүүчү жай | Ысык-Көл облусу, Жети-Огуз району, Кумтөр алтын кени жана Балыкчы Өткөл Базасы (БӨБ). |
| 3 | Иштерди аткаруу мөөнөттөрү | Иштердин башталышы — 2025-жылдын август айы, бүтүрүү мөөнөтү — 1 (бир) айдын ичинде. |
| 4 | Аткарылуучу иштерге жана көрсөтүлүүчү кызматтарга коюлган талаптар | 1. Иштерди аткаруу үчүн Аткаруучу аккредитациядан өткөн болушу керек, дефектоскопия боюнча адистин күбөлүгүнө, тиешелүү лицензияларга жана уруксат документтерине ээ болушу зарыл керек.<br>2. Аткаруу мөөнөтү – жылына бир жолу.<br>3.Жарым прицептердин туташтыруу түйүнүндөгү таяныч плитанын жана кармагыч манжаны бекитүүчү плитанын ширетилген тигиштерин дефектоскопиялоо, рентгенография ыкмасы менен, №1 жана №2 тиркемелердеги тизмелерге ылайык жүргүзүлөт. |
| 5 | Иштер бүткөндөн жана тапшыруудан кийин техникалык жана башка документтерди тапшыруу боюнча талаптар | 1. Жарым прицептердин плиталарын диагностикалоо боюнча техникалык отчетторду түзүү<br>2. Техникалык отчет Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдерине жана эрежелерине ылайык даярдалышы керек. |
| 6 | Буйрутмачыга коюлган талаптар | Буйрутмачы тарабынан төмөнкүлөр берилиши керек:<br>1. Техникалык диагностикалоо үчүн жарым прицептер.<br>2. Жарым прицептерге каттоо күбөлүгү.<br>3. «КГК» Техникалык тейлөө бөлүмүнүн иш тапшырмасы.<br>4. Техникалык Тапшырманын №1 жана №2 тиркемелерине ылайык жарым прицептер. |
| 7 | Купуялуулук | Келишим боюнча маалыматтар купуя болуп эсептелет, үчүнчү жактарга ачыкка чыгарууга тыюу салынат. |
| 8 | Коопсуздук | Бардык иштер эмгекти коргоо жана коопсуздук жаатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлүүшү керек. |
| 9 | Экологиялык талаптар | Бардык иштер айлана-чөйрөнү коргоо жаатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлүүшү керек. |

| | | |
|---|---|---|
| 10 | Өзгөчө шарттар | 1.Жеке коргонуу каражаттары (ЖКК) аткаруучунун эсебинен камсыздалат.<br>2.Буйрутмачынын аймагында Аткаруучунун өкүлдөрүнүн жашоо жана тамак-аш чыгымдары Аткаруучу тараптан каржыланат.<br>3. Аткаруучунун кызматкерлерин иш жүргүзүү жерине жеткирүү жана кайра кайтаруу чыгымдары Аткаруучунун эсебинен жүргүзүлөт.<br>4. Иштер КГКнын ички эмгек эрежелерине ылайык жүргүзүлөт.<br>5. Иштер Балыкчы Өткөл Базасында жана Кумтөр кенине чыгуу менен жүргүзүлөт, бийик тоолуу шарттарда иштөөгө медициналык уруксат алдын ала алынууга тийиш. |